# КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ ЖАНА МАДАНИЯТЫНЫН ТУРКЧӨ БАСМАЛАРЫНДА ЧАГЫЛДЫРУУСУ.

**АГГЮН КАДРИ**
*Ж.Баласагын атындагы КУУнун изденүүчүсү*

**УДК. 94(47)(575.2)**

Заманымызда түрк тектүү элдерди изилдөөлөргө караганда,тарыхый булактарда биринчилерден болуп жазылган кыргыздардын узун жана тектүүтарыхы бар.Бирок бул узун тарых азыркы күнүбүзгө чейин жетишээрлик түрдө изилдене элек.Кыргыз тарыхы Орто Азияда жашаганулуттарды ар тараптан кызыктыргандыгы учунбугүнкү күндөжогоруудагы темага байланыштуу изилдөөлөр кыргызстанда эле эмес, коншу жана башка көптөгөн өлкөлөрдө да жүргүзүлүп жатат. Бул изилдөөлөр Орто Азия тарыхына, турк тарыхына,түрк – ислам тарыхына да пайдалуу болот.Ушундай өлкөлөрдүн башында Туркия мамлекети турат.

Кыргызстан мамлекети менен Туркия мамлекетинин ортосундагы достук келишимдери менен бирге алардын бир тарыхтын мураскору болуусу Туркияда Кыргыз тарыхы менен байланыштуу маанилүү эмгектердин жарыяланышына себеп болду.Кыргыз жана Түркистан терминдери камтылгандыктан Кыргыз маданиятына жана тарыхына байланыштуу жазылган булактар жалпы түрдө каралган.Бирок Адил Хикмет мырзанын эскерүүлөрүнүн негизинде роман түрүно келтирилген «Asyada Bes Turk» аттуу романында кыргыздарга байланыштуу маалымыттарды кездештирүүгө болот.Байыртадан бери батыш түрктөрү тарабынан Түркистан бир бүтүн болуп билинген жана жарыкка чыккан китептерде да ушуга ылайыкташтырылган. Кыргыз термини ичинде жакынкы аралыкка чейин Казактар да эскерилген изилдөөлөрдү камтуусун библиографиялык жактан өзгөрткөн.Туркиядагы окумуштууларды да ушул эки так аныкталбаган пикир таасирленткен жана1931 жылга чейин жасалган илимий эмгектерде да таасирин көрсөткөн.Ошондуктан Кыргызстан тарыхына байланыштуу жарыяланган эмгектердин көпчүлүгү 1990 – жылдан кийин жазылган жана жазылууда.Кыргыздардын жана Казактардын тарыхына байланыштуу Туркияда жарыкка чыккан эмгектер 1990 – жылдан мурунку жана 1990 – жылдан кийинки деп,эки доорго бөлсө болот.1990 – жылдан мурда Кыргыз тарыхынын Туркияда жакшы таанылa элек убагы болгон.Экинчи доор болсо, темага байланышкан көптөгөн макала жана китептер жазылганын, котормолор болгонун Кыргыз тарыхы боюнча адистерди даярдоосунун башталган бир доору.

Али Рыза Сейфиоглу 1922 -1925 жылдарында «Turk Yurdu» журналынын 11 – 15 сандарында темага тиешелүү беш макаланы катары менен жарыялаган.Жазуучунун Туркистан саякатын түшүндүргөн жазууларында Кыргыздар жөнүндөмаанилүү маалыматтар камтылган.Ал макалада кыргыздардын Петраград, Оренбург,Арал денизи,Туркистан (Yesi) шаарлары аркылуу Памирге жеткендиги жазылган.Али Рыза Сейфиоглу Памирде биринчи жолу Кыргыздар менен жолугушат.Жазуучунун экинчи макаласынын аягында да Кыргыздар жөнүндө маалыматберет.1892 – жылы февраль айында Маргаландан Памирге бара жатканын жана Үч – Коргондо Кыргыздардын кербенине кошулганын, Кыргыздардын ага аябай жакшы мамиле жасагандыгын, Кыргыздардын бир канча жолу аны өлүмдөн сактап калганын, Кргыздардын тилини аябай жакшы сактагандыгын жана сүйлөп жаткан учурда башка тилдеги сөздөрдү колдонбогонун билдирет.

Туркияда 1990 – жылга чейин кыргыз жана кыргызстан тарыхы менен байланыштуу басылган эмгектердин саны аябай аз болгон.Бир гана1960 – 70 – жылдардын ортосунда эмгектердин саны бойунчажемиштүү болду десек жаңылышпайбыз.Ошол жылдарда «Turk Yurdu»журналы басма саясаты боюнча Туркияда Кыргыздарга жана Орто Азияга болгон кызыгуусуна негиз болгон.Азыркы күндө да «Turk Yurdu» журналы Орто Азия жана Турк тарыхы менен байланышкан макала, изилдөө жана жазууларга өзгөчө маани берилүүдө.Ушуну мененбирге ар түрдүү изилдөө борборлору,институттар,журнал жана жашыруун маалыматтарда да Туркия мамлекеттери жөнүндө эмгектер жана изилдөөлөргө маани берилүүдө жана колдоолор көрсөтүлүүдө. Кыргызстан тарыхы менен байланышкан эмгектердин көпчүлүгү котормолордон турат.Кыргыз, Орус,Кытай, Арап,Фарс жана батыш тилдеринен которулган чыгармалар менен бирге, Туркияда жазылган эмгектердин булактары да котормолордон турат.

Кыргызстан тарыхы жана маданияты менен байланыштуу Туркияда жарыкка чыккан эн маанилүү чыгармалардын бири В.В.Бартольддун «Тарых жана Маданият» аттуу чыгармасы.Бул чыгармасында негизинен Туркистан географиясы жөнүндө айткан.Бирок бул чыгарманын үчүнчү бөлүгүндө Кыргыз тарыхына пайдалуу болгон маалыматтарды берген.Бул чыгармасынан башка

түрдүү академиялык журналдарында жарыкка чыккан макаласынан башка дагы ушул күнгө чейин«Монгол басып алуусуна чейин Туркистан» , «Улук мырза жана анын доору», «Ислам маданияты жана тарыхы», «Орусияда жана батышта Ориянтализм» деген чыгармалары жарык көргөн.

Туркияда жарыкка чыккан чыгармаларынын арасында Проф.Док.Саадеттин Гөмеч жазган китептер маанилүү орунга ээ.Анын макалаларынан башка жазган китептеринде да Кыргызстан тарыхынын жана маданиятынын изилденишине керектүү булак «Кыргыз Түрктөру тарыхы» аттуу китебинде өзгөчө Кытай жана Орус булактарына таянып,жасаган аныктоолору мүнөздөлөт. Кыргыздардын тегинен баштап азыркы күнүбүзгө чейин Кыргыздардын тарых жана маданиятына кошкон салымдары айтылган.Саясий, маданий,адабий жактары каралган.Кыргызстан тарыхы менен байланышкан басып чыгарылган илимий эмгектердин кээбирлери да Проф.Док.Мехмет Сарайга тиешелуу.Анын 1993 – жылында жарыкка чыгарган «Кыргыз Түрктөрү тарыхы» атту китебинде кыргыз эски тарыхынан баштап, заманыбызга чейинкисин кездештүүрүгө болот.Бул китепте КыргыздарынТүрк тарыхындагы ордун жана Осмон мамлекети менен болгон мамилеси жөнүндө жазылган.Айрыкча Кыргыз жерин Орустардын басып алуусунан баштап кийинки жылдарга чейинки болгон күрөштөр, өзгөчө совет доорунда башынан өткөргөн туткундук жылдарына тиешелүү маалыматтар берилген.Китептин акыркы бөлүгүндө болсо,Туркиядан күтүүлөр,алынышы керек болгон чаралар,Кыргызстандын экономикалык статистикалары жана Туркия мамлекети менен түзүлгөн келишимдерге орун берилген. Мехмет Сарай жана Саадеттин Гөмечтин тема менен байланыштуу жарыкка чыккан китептери бул доордо жазылган маанилүү чыгармалар болуп саналат.Азыркы күндө университеттерде колдонулуу сабакта окутулуучу китеп катары колдонулууда.

Ислам энциклопедиясында Бала мырзанын «Ыссык – Кол» чыгармасы 1950 – жылдары жарыяланган.Ошол эле учурда Туркияда Кыргызстан жөнүндогү басылып чыккан биринчи энциклопедиялык эмгек болуп саналат.Көп өтпөй Рахмети Араттын ошондой энциклопедияда «Кыргызстан» деген чыгармасы жарыкка чыккан.Кийинчерээк «Кыргызстан», «Кыргыздар», «Баласагун» жана «Ыссык – Кол» деген темаларда көптөгөн макалалар башка энциклопедияда басылып чыга баштайт.Кээбир энциклопедияларда да Кыргыз тарыхы боюунча тартышуулар да бар.

Кыргызстан жана Кыргыз тарыхынын изилденүүсүндө жана жазмаларында Манас эпосу маанилүү орунду ээлеген.1995 – жылда Манас эпосунун 1000 – жылдык маарекеси бир гана эгемендүү Кыргызстанды эмес Туркияны да кызыктырган.Бул боюнча ар түрдүү конференция жана семинарларда Манас – Тарых алакасы боюнча талкууланып,түрдүү гипотезалар ортого чыккан.Булардын аркасынан «Энисай кыргыздары», «Кыргызстан шаарлары», «Кыргызстан орхиологиясы», «Улуу Памир Кыргыздары», «Кыргыздар жана Ислам», «Атактуу кыргыз инсандары», темаларында ондон ашык эмгектер жазылып,басылып чыккан.Ушул күнгө чейин Кыргыз тарыхы менен байланышкан библиографиялык эмгектеринде түркчө жарыяланган жана которулган жыйырма эки китеп кездешет.

<u>Китептер</u>

1. Adil, Hikmet Bey, Asya’da Beş Türk, (İstanbul: Ötüken Yayınları, 1998),579 s.

2. Akayev, Askar, Kırgız Devlet Geleneği ve Manas, Rusçadan Çev. Saliha İbrahimova, Ergeşbay Rahmanov, Tuğba Şimşek, (İstanbul: DAYayıncılık, 2003), 407 s.

3. Akmataliyev, Abdıldacan, Kırgız Folkloru ve Tarihi Kahramanlar, (Ankara: Atatürk Kültür Merkezi Yay., 2001), 382 s.

4. Atıf, Mehmet, Kaşgar Tarihi Bais-i Hayret Ahval-i Garibesi, Haz. İsmailKırıkkale 1998 Aka, Vehbi Günay, Cahit Telci, (Kırıkkale: Eysi Kitap & Yayın, 1998), 391s.

5. Bademci, Ali, 1917 1934 Türkistan Milli İstiklal Hareketi: Korbaşılar veEnver Paşa, C. 1, (İstanbul: Ötüken Yayınları, 2008), 511 s.

6. Barthold, Vilhelm, Kırgızlar, Çev. Ufuk Deniz Aşçı, Türk Dünyası Tarihi Serisi 3, (Konya: Kömen Yay., 2002), 99 s.

7. Barthold, Wilhelm, Türk-Moğol Ulusları Tarihi, Çev. Hasan Eren, (Ankara: TTK Yay., 2006), 50 s.

8. Belli, Oktay, Kırgızistan’da Taş Balbal ve İnsan Biçimli Heykeller, (İstanbul: Arkeoloji ve Sanat Yay., 2003), 166 s.

9. Bulduk, Üçler, Hokand Hanlığı ve İbret’in Fergana Tarihi, (Ankara: Berikan Yayınevi, 2006), 208 s.

10. Butanaeva, İrina, Viktor Butanaev, Yenisey Kırgızları, Akt. Yaşar Gümüş, (İstanbul: Ötüken Yayınları, 2007), 214 s.

11. Cumagulov, Çetin, Oş Şehrinin Epigrafik Anıtları, Akt. Kalmamat Kulamshaev, (Ankara: Atatürk Kültür Merkezi Yay., 2001), 85 s.

12. Erdem, Mustafa, Kırgız Türkleri, (Ankara: ASAM Yay., 2000), 291 s.
13. Erşahin, Seyfeddin, Kırgızlar ve İslamiyet: Göçebe Bir Türk Boyunun İslamlaşma Tarihi Üzerine Bir Deneme, (Ankara: SEK Yay., 1999), 210 s.
14. Gömeç, Saadettin, Tarihte ve Günümüzde Kırgız Türkleri, (Ankara:Akçağ Yay., 2002),
15. Kalkan, Mustafa, Kırgızlar ve Kazaklar, (İstanbul: Selenge Yayınları,2006), 400 s.
16. Karayev, Ömürkul, Türkler ve Kağanlıkları, Akt. Mustafa Kalkan, (İstanbul: Bilge Kültür Sanat Yay., 2008), 277 s.
17. Kayabalı, İsmail-Cemender Arslanoğlu, Orta Asya Türklüğünün Tarihi ve Bugünkü Durumu, (Ankara: Kömen Yayınları, 1978), 270 s.
18. Kayhan, Şurubu, Manas Destanı'nın Tarihi Tabakaları, (Ankara: AkçağYay., 2005), 152 s.
19. Kırgızistan'ın Tarihi ve Bugünkü Durumu, (Ankara: TİKA Yayınları, 1995),17 s.
20. Saray, Mehmet, Kırgız Türkleri Tarihi, Yeni Türk Cumhuriyetleri Tarihi Serisi 3, (İstanbul: Nesil Matbaası, 1993), 143 s.
21. Saray, Mehmet, Modern Kırgızistan'ın Doğuşu, (Ankara: TİKA Yayınları,2004), 336 s.
22. Şeşen, Ramazan, İslam Coğrafyacılarına Göre Türkler ve Türk Ülkeleri, (Ankara: TTK Yay , 1985), 299 s.

Булар менен бирге Кыргызстан тарыхыжана маданияты менен Абдулрасул Исаков жана Фахри Солактын жазган библиографиялык эмгектеринде сегиз диссертация, онтөрт магистратуралык эмгектери кездешет.Айрыкча Туркияда сексен жети макала жарыкка чыгарылып элге жеткирилген.Энциклопедия жана журналдардагы 239 макала ал эми үчөө ар түрдүү жергиликтүү газеталарда жарыкка чыккан.

Жыйынтыктап айтканда, негизинен 1990 – жылдардан кийин Кыргызстан тарыхы жана маданияты менен байланыштуу эмгектер көп болгонуна карабай, дагы эле жетишсиз болуп жатат.Бирок, аткарылган эмгектер келечек муун үчүн кубаттуу бир пайдубал болот. Өзгөчө белгилеп кетким келген маселе, Манас эпосунун 1000 – жылдыгы сыяктуу иш – аракеттер тарых изилдөөлөрүнө абдан чон таасирин тийгизет.Ошондуктан орток тарыхка ээ болгон аргументтерди колдонуп, тарых жана маданият эмгектери Кыргыз тарыхын жана маданиятын ар тараптан изилденүүсүнө негиз болот.